# БИЗ ҮЧҮН СИЗ - АР ДАЙЫМ УЛУУ УСТАТ

# АМАНКУЛОВА ШАКЕН



1943-жылы Калинин районунда Эркин-Сай айылында төрөлгөн. Өзүнүн мектептеги эмгек жолун Орто-суу орто мектебинде улуу пионердик вожатый болуп иштөө менен баштаган. Кыз-келиндер институтунун музыкалык факультетин 1970-жылы бүтүргөн. 1970-1972-жылдары Талас облусунда музыка мугалими болуп эмгектенген. 1972-жылы Д.Шопоков атындагы орто мектебинде музыка сабагынын мугалими болуп иштей баштайт.

1977-жылдан баштап башталгыч классынын мугалими болуп дайындалат. Шакен эже тажрыйбалуу, ишке дасыккан мугалим. Теориялык материалдарды



Шакен эже үй-бүлөсү менен

Өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө мектептин жана райондун коомдук иштерине активдүү катышты. Ошол эле мезгилде ата энелер менен да тил табышып өзүнүн чыныгы устат экендигин көрсөтө алды.

Өзүнүн музыкалык жөндөмдүүлүгүн окуучуларга үйрөтүү жана калыктандыруу менен бирге мектепте кол өнөрчүлүк ийримин да иштетип келди. Негизи эже таланттуу музыкант. Бирок өзүнүн чыныгы жүзүн башталгыч класстын мугалими катары көрсөттү. Шакен эже өзүнүн мугалимдик кесибинде 30 жылдан ашуун эмгектенди. Ал көптөгөн сыйлыктардын, Ардак грамоталардын ээси. Эженин тарбиялаган окуучулары жогорку билимдүү, ар кайсы кесиптин ээлери. Шакен эже азыр ардактуу эс алууда. Неберелерин тарбиялаган бактылуу чоң эне.



Шакен эже балдары менен



Усекеева А.У.

болуп дайындалдым. Мага улуулук кеңештерин берген эжерлердин бири Шакен эже болду. Ал башка мугалимдерден өзүнүн принципиалдуулугу менен айырмаланат. Абдан жоопкерчиликтүү, ар бир окуучу менен жекече иштеп, натыйжага жетиш үчүн. Окуу техникасына көп көңүл буруп, балдардын сүйлөр речин жакшы өздөштүргөн. Документация, иш кагаздарына өтө так. Өзү иштеп жаткан мезгилде жаңы иштеген жаш муундарга өзүнүн улуулук жардамын көп көрсөттү. Ал эми үй-бүлөсүндө эже жакшынакай уул-кыз чоңойтту. Эженин аты мектепте, класс бөлмөсүндө калып жаткандыгына мен абдан сыймыктанам.

Д.Шопоков орто мектебинин
директору Усекеева А.У.



Шакен эже
окуучулары менен



Шакен эже
кесиптештердин арасында

*Аманкунова Шакен эже экөөбүз 1977-жылдан баштап иштей баштадык. Эжей ишке берилген, так туура жүргөн адамдардын бири. Берилген тапшырманы өз орду менен аткарчу. Окуткан окуучуларынын көбү жогорку билимдүү, өз ордун тапкан адамдар болду. Коллективде абройлуу, сыйлуу инсан болуп иштеди.*

**Көбөгөнова Клара**

*Шакен эже, эмгегиңиз унутулбайт,*
*Ысмыңыз түбөлүккө бизде калат.*
*Канча жыл талбай эмгек жумшадыңыз,*
*Эмгектин акыбети сизге кайтат.*
*Айылыңызда болсоңуз эртели-кеч,*
*Окуучулар бир кездеги салам айтат.*
*Анткени, алар үчүн сиз мугалим,*
*Сизди көрүп ал өзүнүн,*
*Окуучулук күндөрүн эске салат.*
*Шакен эже, сизге таазим, сизге урмат,*
*Сиздин өрнөк ишиңиз бизге сабак.*
*Үйрөнүп, үлгү алып жаш муундар,*
*Биз үчүн сиз - ар дайым улуу устат.*



**Исмайылова Күлсайра**


КЛАССТЫК БУРЧ
САМЫЙ УМНЫЙ
ГРАМОТА
Пп
ТРАПЕЦИЯ
АЛФАВИТ
9
4 5
7 2
3 6
8 1


МАТЕМАТИКА
Бирдиктер
0 1 2 3 4 5 6 7 8 9
Ондуктар
10 20 30 40 50 60 70 80 90
Жүздүктөр
100 200 300 400 500 600 700 800 900
Миңдиктер
1000 2000 3000 4000 5000 6000 7000 8000 9000
Разряддык кошулуучулар
4685 + 4000 + 600 + 80 + 5
Геометриялык фигуралар
КЫРГЫЗДАГЫ ЖЕТИ САН
КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК БУЮМДАРЫ ЖАНА БАШ КИЙИМДЕРИ
СӨЗДҮН КУРАМЫ
УҢГУ
МҮЧӨ
Кой -чу, -дой, -го
Жылкы -чы, -луу, -ны
Беде -чи, -дүү, -ге
СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ
ЗАТ АТООЧ
Айша Жылкы Мышык Алма Сүрөт Бак
СЫН АТООЧ
Көк Ак Сары Жашыл Сулуу Таттуу
САН АТООЧ
Сегиз Кырк Беш миң Элүү Алтымыш Жыйырма
ЭТИШ
Окуду Барат Иштейт Көрөт Ырдады Жетет


Айша Көк Сегиз Окуду
Жылкы Ак Кырк Барат
Мышык Сары Беш миң Иштейт
Алма Жашыл Элүү Көрөт
Сүрөт Сулуу Алтымыш Ырдады
Бак Таттуу Жыйырма Жетет
AOC


мугалимдик кесибинде 30 жылдан ашуун эмгектенди.
Ал көптөгөн сыйлыктардын.
Кыргыз
Республикасы
ДЕН-СООЛУК
БУРЧУ
Не копировать
ДЕН-СООЛУК БУРЧУ
ТАЗАЛЫК-ДЕН СООЛУКТУН БУЛАГЫ
Тишиң болуп акактай,
Оорубасын балакай,
Эртең менен кечинде,
Эки маал жуу, эринбе!
Зубы чтоб всегда блестели,
Никогда чтоб не болели,
Будет пусть тебе не лень
Чистить их 2 раза в день!
Балдар муну билишсин:
Сууга түшүп, киринип,
Таза кийим кийишсин.
Сак саламат чоңойуп,
Мүчө башы билинсин!
Пусть запомнят все ребята:
Регулярно мыться надо
И водичкой обливаться,
Чтоб расти и закаляться!
Бул айтканга кулак сал:
Тамактанаар алдында,
колду таза жууп ал!
Вот ещё совет простой:
Руки мой перед едой!
Жер-жемишти жээрде,
Таптаза кылып жууп ал,
Чала жууп эринбе!
Тщательно,
очень старательно мой
фрукты и овощи
перед едой!


Көчөдөн светофордун жашылы жанганда өт!
Көрдүнбү жанды кызылы,
Көбүнүн арбын кызылы.
Кишилер өтпөй турсун деп,
Чийилген жолго сызыгы.
Кызылы өчпөй баспагын,
Шааниси башка тактагын,
Сарысы күйүп турганда,
Санынды чаап шашпагын.
Жашылы күйүп жанганда,
Жарашпайт карап калганга.
Жорголой тартып өтүп кет,
Жол берип жатат басканга.
Жашыл түс - бул бейкапардык
Чөптүн, жалбырактын түстөрү.
Ошондуктан күтөбүз биз
Жолду кесип өтөөр кезде,
Светофордун жашыл көзү күйгөнүн
Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коет,
Эсине ал, өчүп-жанарын.
Көңүлүнө илгинин,
Көчө шартын, дилгирим!
Шашкандардын көчөдө,
Не болорун билгинин.
Канаша турат көзү бар,
Жакшылап айткан сөзү бар.
Кызыл, сары, жашыл да,
Так жандоочтун өзү бар.
Кызыл күйсө токтойбуз,
Сары күйсө камданып,
Светофор жапжашыл
Күйгөн кезде өтөбүз.
Эгерде мен далым салып,
Же турганда бетме-бет,
Анда, досум, ойлонбостон,
Светофордун кызыл көзүн элестет.
Колум сунуп турсам тосуп,
Анда дагы күтүү керек.
Ала-була таякчамды
Тик жогору көтөргөндө,
Сары жарык күйдү да,
Даярданып тургун анда,
Жолдон өтүп кетүүгө
Капталымды салып ага,
Турсам колум түшүрүп,
Же өт! -деп көрсөтсөм,
Таякчам менен белгилеп.
Анда, досум, өтө бергин
Жашыл жарык күйдү деп.
Жолдон ары өтөрүндө,
Алаксыбай жүргүлө.
Жөө жүрүүнүн эрежесин
Беш колундай билгиле.
...режени эске тут
Велосипед тепсең эгер,
Жол четине багытта!
Өзөмүн деп башкалардан
Баатырсанып жарышпа.
Кесилиштен өтөрүндө,
Байка, жанкан жарыкты.
Мандайында светофор,
Так көрсөтөт багытты.
Сары күйсө, шашылбагын,
Күтө тургун козголбой.
Кызыл жанса алоолонгон,
Ордунда тур шоктонбой.
Жашыл жанса, жолун ачык,
Өт, өтө бер, токтолбой!
Токтоп турган машинанын
Алдынан эч өтпөгүн!
Далдасынан авто чыгып,
Коюларын эстегин.
«Жөө адамдар»... бул белгини
Дайым туткун эсине.
Бобогунду жетелеп өт,
Жолдун аркы четине.
Жолдо жүрсөн, абайла!
- Качану туш келди кесип өтпөгүн
- «Зебра» белгиси - сенин жолун!
- Велосипетинде жарык чагылдырчу белги болсун!
- Хоккей, футбол, муз тебүү оюндарын жолдо ойнобо.
- Бурулуп жаткан машинадан сак болгун!
STOP
20

# ЧЕН БИРДИКТЕР

## Убакыт

1 кылым = 100 жыл
1 жыл = 12 ай
1 жыл = 365 же 366 күн
1 күн = 24 саат
1 саат = 60 мин.
1 мин. = 60 сек.

## Аралык

1 км. = 1000 м.
1 м. = 10 дм. = 100 см.
1 дм. = 10 см.
1 см. = 10 мм.

## Аянт

1 га. = 100 ар. = 10000 $м^2$
1 $м^2$ = 100 $дм^2$
1 $дм^2$ = 100 $см^2$
1 $см^2$ = 100 $мм^2$

## Салмак

1 т. = 1000 кг.
1 ц. = 100 кг.
1 кг. = 1000 г.
1 г. = 1000 мг.

$S = V \cdot t$ $V = S : t$

S - аралык, V - ылдамдык, t - убакыт



3 - кошулуучу 2 - кошулуучу
5 - сумма

## Кемитүү



3 - 2 = 1

3 - кемүүчү 2 - кемитүүчү
1 - айырма

## Көбөйтүү



2 x 3 = 6

## Бөлүү



6 : 3 = 2

# МАТЕМАТИКА

## Бирдиктер

0 1 2 3 4 5 6 7 8 9

## Ондуктар

10 20 30 40 50 60 70 80 90

## Жүздүктөр

100 200 300 400 500 600 700 800 900

## Миңдиктер

1000 2000 3000 4000 5000 6000 7000 8000 9000

## Разряддык кошулуучулар

4685 + 4000 + 600 + 80 + 5

## Геометриялык фигуралар



# КЫРГЫЗДАГЫ ЖЕТИ САН



## МАНАС - КЫРГЫЗ СЫЙМЫГЫ

Зор Манас көлөмүнө жетпес ченем,
чарчабай үч күн айтса түгөнбөгөн.
Кыргызды дүйнө элине тааныткан да,
Чынында алп Манастын күчү белем.
"Манас" эпосунун эң негизги идеясы;
калайык-калкты ынтымак, биримдикке
чакырат. Жаштарды кылымдардан бери ата
-бабалардан мураска калган эл-жерди
коргоого, сактоого үндөйт.



## ЫСЫК-КӨЛ - КЫРГЫЗ БЕРМЕТИ

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна мен ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.
Ысык-Көл - кыргыздын эң чоң көлдөрүнүн бири.
Анын тереңдиги 668 м. узундугу 182 км.
Эзелтеден кыргыз эли "Көл-Эне" деп
пааналап келишкен.




## БОЗ ҮЙ - КЫРГЫЗ БЕРМЕТИ

Боз үйдү кыргыз жасаган,
Боз үйдө кыргыз жашаган.
Боз үйдө туулуп, төрөлгөн,
Боз үйдө өнүп, көгөргөн.
Боз үйдүн ууктары талдан жасалат.
Кыргыз эли эзелтен керегесин көчүп,
конууга ылайыкташтырып бүктөмө
кылып жасашкан.



## КОМУЗ-КЫРГЫЗДЫН "ЧОҢ КЕРБЕЗИ"

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да, өнөрү бар айтып болгус.
Кыргыз эли комуз күүсү аркылуу, басып
өткөн тарыхын, жашоосун, кулк-мүнөзүн,
муң-зарын, кубанычын, келечегин баяндаган.



## АК КАЛПАК - КЫРГЫЗ КЕЛБЕТИ

Ала-Тоону жердеген, Ак калпак
кыргыз эл деген. Атадан калган
салты бар, Ак калпак кыргыз калкы
бар. Ак калпактын алгачкы түрлөрүн
байыркы "Өгүз"- эли кийген. "Өгүз"
деген-кыргыз деген эл экендиги
тарыхта белгилүү болду.



## КЫРГЫЗ ТИЛИ - МАНАС АЙТКАН УУЛУ ТИЛ


Кыргыз тили-кыргыз туусу элимдин,
Кыргыз тили-сулуулугу жеримдин.
Тил болбосо, эл жоголот дегендей,
Кыргыз тилин ыйык тутуп келемин.
Кел курдаштар! Эне тилин сактайлы,
Элибизди кадырлайлы, барктайлы.
Эне тил! Кандай жөнөкөй, кандай терең,
кандай улуу сөз. Ар бир доордун эр
азаматтары эне тили үчүн жан аяшкан
эмес.




## ЖЫЛКЫ - КЫРГЫЗДЫН КАНАТЫ

Сымбат көркү бир башка, Суурулуп чыкты
ак кашка. Даңкын жарат туягы, Жарылгандай
чуркашса. Кыргыз эли жылкы тукумун
согушта, көчкөндө гана эмес, элдик
"Кыз куумай", "Оодарыш", "Тыйын эңмей",
"Ат чабыш","Көк бөрү","Жорго салыш"
оюндарында пайдаланып келишкен.

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК БУЮМДАРЫ ЖАНА БАШ КИЙИМДЕРИ





# СӨЗДҮН КУРАМЫ

| УҢГУ | МҮЧӨ |
|---|---|
| Кой | -чу, -дой, -го |
| Жылкы | -чы, -луу, -ны |
| Беде | -чи, -дүү, -ге |

# СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

| ЗАТ АТООЧ | СЫН АТООЧ | САН АТООЧ | ЭТИШ |
|---|---|---|---|
| *Айша* | *Көк* | *Сегиз* | *Окуду* |
| *Жылкы* | *Ак* | *Кырк* | *Барат* |
| *Мышык* | *Сары* | *Беш миң* | *Иштейт* |
| *Алма* | *Жашыл* | *Элүү* | *Көрөт* |
| *Сүрөт* | *Сулуу* | *Алтымыш* | *Ырдады* |
| *Бак* | *Таттуу* | *Жыйырма* | *Жетет* |

